УДК 37.013

ОКУУЧУЛАРДЫ ТАБИЯТ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУНУН МААНИСИ
ОЗНАКОМИТЬ СО ЗНАЧЕНИЕМ ПРИРОДЫ УЧАЩИХСЯ
TO ACQUAINT THE STUDENTS WITH THE VALUE OF NATURE

Акматова И.Н. – улук окутуучу, ЖАМУ
Матисакова А. – улук окутуучу, ЖАМУ

Аннотация: *Макалада окуучуларды табият менен тааныштырууда элдик оозеки көркөм чыгармалардын ролу жана тарбия берүүдөгү мааниси жөнүндө баяндалат.*

Аннотация: *В статье сообщается о знакомстве учащихся с природой на основе произведений устной народной речи.*

Annotation: *The article reports on the students acquainted with the nature, of the works on the basis of popular speech.*

Ачкыч сөздөр: *сыйкырдуу күч, убал, сооп, тилегиңе жет, бата.*

Ключевые слова*: Волшебная сила, горе, вознаграждения, исполнение желаний, благословление.*

Key words: *Magic Power, grief, remuneration, fulfillment of desires, a blessing.*

Адам табияттын бир бөлүгү, бардык баалуулуктарды табияттан алат, адам табиятка гумандуу мамиле жасап, аны коргоого, сактоого, өнүктүрүүгө милдеттүү. Адам менен табияттын биримдиги купуя сыр, бору бир, түбөлүгү чогуу нерселер катары улам өнүгүп, бир түрдөн экинчи түргө өтүү менен эриш-аркак керемет кубулуштардын чордону болуп келе жатышат.

Ошондуктан чех элинин улуу педагогу Я.А.Коменский «Адам: тарбия, тажрыйба, табият жана таанып-билүү аркылуу гана адам боло алат, демек окутуу, тарбиялоону адамдын табиятынын жалпы мыйзамдарына ылайык уюштуруу зарылдыгын белгилеген».

Окуучуларга адамдык баалуулуктарды, нарк-нускаларды билдирип, акыл, адеп, урмат, ызат, ыйман, эмгек өз ара мамилени калыптандыруу үй бүлөдөн башталат.

Кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятында табиятка шайкештик принцибинин негизинде улуу муундардын жаратылышка сыйынуусу, «убал», «сооп» деген эскертүүлөру менен этият аяр мамилеси сыйынуусу, сурануусу, ишеними, тарбиялоо ишин табиятка шайкеш жүргүзүү салтын калыптандырган.

Байыртадан эле ата-бабаларыбыз жаратылышты ыйык тутуп, өзгөчө көңүл бурушкан. Мисалы: /йгө кирип калган жыланды өлтүрбөстөн ак чачып үйдөн чыгарышкан. Мындан элибиздин бийик идеялык нравалык деңгээлин байкоого болот. Жаратылыш койнун өз үй өлөң төшөгү катары кабылдаган жай-кыш дебей улам жаңы жайларга көчүп-конуп жүргөн кыргыз эли башка элдерге караганда жаратылыштын жашоо тиричилигин, мыйзамын, маанисин, турмуштагы кадыр-баркын жакшы түшүнгөн.

Кыргыз элинде куш салуу, күлүк таптоо, аңчылык кылуу материалдык жана моралдык турмуштун негизи болгон. Мисалы: «Кожожаш» эпосу экологиялык тарбиянын өтө манилүүлүгүн, мазмунун ачык баяндаган чыгарма.

Мерген аны да атып кулатты,
Бирөөнү тирүү койбостон.
Башкасы түгөл кырылып,
Акты суудай кандары.

Ала баштын уругу,
Эсин жыйган Сур эчки
«Эмгиче кырып салды» - деп

Энтигип келди жүгүрүп,

Жана Мерген бир атты
Ээрчитип жүргөн улагын
Тебетейдей кулатты!

Демек, жашаган жердеги жаратылыштын тең салмактуулугун сактап жана толуктап туруучу жаныбарлардын кырылып жок болушу, ал жердеги жаныбарларга, өсүмдүктөргө бир топ зыяндуу б.а. ал жаныбарлар айланасындагы курт-кумурскалар, чымын-чиркейлер да жоголуп алар менен азыктанышкан канаттуулар башка жактарга кетүүгө аргасыз болушат.

Өсүмдүктөр органикалык семирткичтерди алышпай, жердин кыртышы арыктайт, ал жердеги жаратылыштын экологиялык тең салмактуулугу бузулат.

Эпосто адам менен жаратылыштын ортосунда күрөш чагылдырылат. Кожожаш жарытылыштагы «сыйкырдуу күч» болгон, сур эчки менен кармашкан, аны жеңүүгө умтулган карман. Ал эми Сур эчки жатылышты сактоонун, коргоонун, тукум улоонун, сактап калуунун символу катарында тарбиялык таасир калтырат. Мисалы:

Бир топ жандан бир өзүм,
Калдым жалгыз кангырап.
Кантип турам, кетемин,
Кесир болуп калбаса.
Кегимди сенден аламын.

Демек, табиятты кордоп, ал жөнүндө ким камкордук көрбөсө, анда жаратылыш адамды катуу жазалайт. Сур эчкинин Кожожашка эскертип айткан сөзү, бул экологиялык тарбиянын маңыз-мааниси. Бул чыгарма аркылуу жаш муундарды жаратылышка аң-сезимдүү мамиле жасоого, анын байлыктарын өнүктүрүп, өстүрүүгө, кароого, сактоого, сарамжалдуу пайдаланууга, тарбиялоо менен муундан-муунга өтүп келе жаткан нарктуу элибиздин тажрыйбалары актуалдуулугун жоготпойт жана табият менен таттуу жашоо образы турмуштан өз ордун табат.

Табият темасы Жеңижоктун чыгармаларында да көп көңүл бурулган, тарбиялык мааниси терең, мазмуну кенен, уккан элдин акылына уюй турган китептерди, санаттарды: «Жалгыз тал менен сүйлөшүү», «Аккан суу», «Өскөн жер» ж.б. чыгармаларында баяндалат. Мисалы: «Жалгыз тал менен сүйлөшүү» деген ырында адамдын ички сезим дүйнөсүн тереңинен сүрөттөгөн. Ташкара деген уулум бийдин кесепетинен тулуп-өскөн таласын таштап, ал жерден кетүүгө аргасыз болгон. Өмүрүндө бала көрбөй, туяксыз өтүп баратканына кейиген акын Бакайыр деген айылдын четинде канат-бутак, бүрүнөн айрылып, куурап калууга бет алган койкойгон жалгыз тал менен сүйлөшүп, сырдашып, муң чечишип, өзөгүн өрттөгөн армандарын ортого салат.

Тукабадай жайылган,
Бүрүң кана жалган тал?
Экөө элең башында
Бириң кана, жалгыз тал?

Ала бакан болгондон,
Ачаң кана, жалгыз тал?
Аркалап жүрүп чоңойткон,
Атаң кана, жалгыз тал?

Буга жооп кылып жалгыз тал да сыздап ырдайт. «Тукабадай жайылган бүрлөрүн, ала бакан болчудай ачасын, агасын, аркалап жүрүп чоңойткон атасын адамдар келип кыйып кеткендигин сыздап айтат». Акын менен жалгыз талдын сүйлөшүүсү адам баласы менен табияттын ортосундагы жандуу диалог, турмуш чындыгы.

Жаратылыш ыйык, анткени адам тиричилигине зарыл нерселерди табияттан алат. Ал жөнүндө камкордук көрүүнү эске алуу менен адам жаратылыштын купуя сырларын тынымсыз иликтеп үйрөнүп, аны өзүнүн кызыкчылыгына кызмат кылдырууга умтулуусу да зарыл. Ошондой эле табиятка мамиле жасоонун маданиятын үйрөтүү биздин негизги милдетибиз.

Кыргыз Республикасынын жаш муундарын руханий адептик, патриоттук жактан тарбиялоонун концепциясында С.Байгазиев төмөндөгүлөргө токтолгон. КРда жашаган бардык атуулдар патриоттук сезими каныккан, рухий шарттарына, нарктарына, моралдык кенчтерине, типтүү салттарына, аң-сезимине жана жан дүйнөсү сугарылган, улуттун маданиятын өздөштүрүп гана тим болбостон, аны өнүктүрүүгө аракеттенген жалпы адамзаттык баалуулуктарга жетишкен, демократиялык коомдун идеяларын урматтаган өз тагдырын ата-журттун тагдырынан бөлүп карабаган достукту бийик туткан мекенчил, табият менен таттуу мамиледе болгон, жаратылышты жан досундай көргөн, сабаттуу, мамлекетибиздин гүлдөп өнүгүшүнө салымын кошкон активдүү атуулдарды тарбиялоо зарылдыгын көрсөткөн.

Окуучулардын табиятка болгон аяр мамилесин тарбиялоодо өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү менен таанышуудан башталат. Эмоционалдуу мамилелер, аларга байкоо жүргүзүү, кызыгуу менен кароо, ойноо, коздугу, сулуулугуна суктануу сезими, алар үчүн эмгекке тартылуусу, жандуу сезип кабыл алуудан кийинки ой жүгүртүүлөрү акыл күчүн өстүрүп, экологиялык маданиятын калыптандырып өнүктүрөт. Балдарга этикалык жана эстетикалык таасир берүүчү элдик акылмандуулукка, маданиятка, тажрыйбаларга таянуу зарыл. Мисалы: 4-класс үчүн адабий окууда Ж.Мукамбаевдин «Касиеттүү үрөн» чыгармасын балдарга көркөм окуп берип, мазмунун талдатсак таасирдүү болот.

Илгери-илгери бир бала болуптур. Ал чоңойгондо «ким болом» деп ойлонуп жолго чыгат. Бала кете берет, кете берет, ак өңүнө айдын нуру тамган кайыңды аралап өтөт.

Бир мезгилде тарс эткен үндү угат да ошол жерге барат. Барып бир эликтин жерде жаралуу жатканын көрөт, ал онтоп ооруп жатыптыр. Жакында эч нерседен капары жок кичинекей чаарчык секирип турат. Ачка болгон чаарчык энесинин эмчегин эмгиси келип 3-4 жолу сорот да сүт ордуна кан келгенин көрүп ыйлап жиберет. Ошондо бала өзү ичейин деген сүтүн чаарчыкка берет.

Чаарчык сүттү ичип бүтүп балага: «тилегиңе жет!» деп бата берип көздөн кайым болот. Бала андан ары жол улайт. Бала жолдон аппакай боз үйгө туш болот. Ал боз үйдөн чаарчык чыгат да баладан кайда бара жатканын, эмне издеп жүргөнүн сурайт. Бала адамдардын жүрөгүнө жакшылыктын, боорукерликтин үрөнүн сепсем деген оюн айтат. Чаарчык балага жолду көрсөтүп берет да, көздөн кайым болот.

Бала чаарчыктын айтканы боюнча кара тоодон өтөт. Андан ары түбүндө кызыл үңкүрү бар кызыл тоого жетип, үңкүргө кирип, ээрге минип өйдө көтөрүлүп, көк тоонун жанындагы көк үңкүргө кирип, алтын ээрди минип, алтындан куралган үйгө кирет.

Бала үйгө кирип, таң калып турса, үйдүн тээ тереңинен шуулдаган добуш чыгат же адам экенин же туман экенин билинбеген элес көрүнөт. Ал балага эмне эңсеп, эмне издеп келгенин билерин айтып баланын оозуна таттуу бир нерсени себет. Билип жүр, бала жер жүзүн кыдырып, элге жалаң гана жакшылыкты, боорукерликти, табият менен таттуу мамиледе болууну үйрөтөсүң, жолдошторуңа адамдык асыл сапаттарды үйрөтөсүң, анан алар башкаларга үйрөтөт.

Тилегиң аткарылсын, жүз элүү жашка чык! - деп баягы элес жоголуп кетет. Мындай таасирдүү чыгармалар, жомоктор, аңгемелер, макалдар, табышмактар, уламыштар, табигый обьектилерге болгон кызыгууну ойготуп, жаныбарларга,

өсүмдүктөргө болгон жагымдуу мамилени, маданиятты, акыл-эсти калыптандырат – бул тарбиялоонун булагы болуп саналат.

Эс алганы келген адамдардын жаратылыш парктарына, коруктарга, эс алуучу жайларга жасаган мамилеси, маданияты жогорулап, ал жерде эмгектенген адамдардын эмгегине көңүл буруп, сыйлоого жана балдарды гумандуулукка тарбиялоого багытталса, мектеп жашынан тартып балдардын жаш курагына карай кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын, адам таануу, жаратылышты таануу, үрп-адат деген сабактарды мектеп программасына киргизүү мезгил талабы.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Сластенин В.А.Педагогика М. ,2003
2. Байгазиев С. «КР жаш муундарга рухий адептик жактан тарбиялоонун концепциясы». Б. , 2010.
3. «Кут билим» газетасы 2009 - ж. 4.12.